УДК: 947(575.2)

К. Асанбеков

К.Тыныстанов ат. ЫМУ

ТИЛЕКМАТ АКЕ
(1799-1862)

«Сөз атасы – Тилекмат (эл макалы).
«Кылычынан кан тамганды тилинен бал аккан жеңиптир» (казак макалы).

Тилекмат Аке жөнүндө 1950-жылдарда айылыбыздагы карыялардан чоң санжырачы, кошунам Садык атадан укчумун. 1972-жылы Шалба (азыркы Тилекмат) айылына барып, Акенин жаткан жайын көргөм. Бейити, коргону түзгө айланып, жалпак бышкан кирпичтердин сыныктары жер менен жер болуптур. Карыялар: «Коргондун кирпичтерин сарттар Акдөбөнүн тушунан көлдү кечип барып алышканын аталарыбыз айтчу эле» – деп кеп салышты. 1998-жылы Тилекматтын урпагы Рапия апам энесинен үйрөнгөн:

«Илгери болуп ишибиз,
Көлдөн чыкты кышыбыз»,

деген коргон салынгандагы уйкаш сапты айтты эле. 1916-жылы эл үрккөндө орустар коргонду бузуп, кирпичинен меш салышкан.

Сарт Аке Тилекматты баалаптыр: «Тилешим бактылуу адам, ал калайык-калк үчүн жаралган. Аны карегимдей, жүрөгүмдөй баалаймын. Ал барда телегейим тегиз, деним таза, жаным жаннатта» - деген экен. Сарт Акенин Тилекматка берген баасын 1949-жылы жайында Жетөгүздүн Байтөр жайлоосунда Сарт Акенин чөбөрөсү Тыныстан уулу Дүйшөмбүдөн, 1954-жылы Баракан уулу Акундан уккамын. Акун аксакал абдан сабаттуу санжырачы эле. Аттиң, өкүнүчү жок дүйнө болобу. Жазып калбай жер алдына кошо кетпедиби, деп жазат тилчи, профессор Акеш Иманов (экинчи бөлүм, 37-бет).

Тилекматтын атасы Жылкыайдардын өзүнчө тарыхы бар. Өз балдарынан кем көрбөй баккан Бирназар бийдей асылдар кыргыз элинин бир өзгөчө каадасын толуктап турат. Боорсок бийге куда түшүп, келин алганы барганда күңүн жаш баласы менен кошо берет. Жолдон суу кечкенде ат мүдүрүлүп, бешик агып кетип, эртеси сайроодон табылат. Бул окуя баардык варианттарда айтылат. Ошол бешик илинип калган таш «Жылкыайдардын ташы» деп аталат экен. Бирназар бий энесин өзүнө нике кыйдырып, Айдарды Жылкыайдар деп атап асырап алган. Бойго жеткенде кыз тандатып, көлдү айлантат. Жылкыайдар Барскоондон Шадыкандын тууганы Оңолбайдын кызын алып, андан Тилекмат төрөлүп, элде жок чечен чыгып, сөздүн ээси деп аталып, баралына келип, «баатыр элчи» аталып, тубаса элчи болуп жаралган. Чукугандай сөз таап, бет маңдай сүйлөшкөндө илебин эч ким кайтара алчу эмес экен. Кокон хандыгынын беги 1823-жылы көлгө келип, Тамгага сарбаздарынан Бугунун эл башчысын (ханын) чакыртканда Боронбайдын ордуна Тилекмат барып, ишти бүтүрүп, «Бугу элинин ханы» деген Кудаярдын мөөрү басылган күбөлүк алган (А. Иманов. «XVIIIк. экинчи жарымы, XX кылымдын башталышында Ысыккөл өрөөнүндөгү ойчулдар, агартуучулар», 87-бет.).

Каракалмактар көл кыргыздарынын үстүнөн кытай губернаторуна арызданганда да Боронбайдын ордуна барып, сыйга кооз таш сайынып келет (К. Жетимишбаев. «Санжыра санаты», 75-бет.).

Сарбагыш туугандар Ормондун кунун козгоп казак төрөгө кырк күлүк алып, кол сурап барышканда артынан Тилекмат барып, айласын таап төрөгө кезигип, сөздүн олутун келтирип, Ормон хан казак Кененсарыны, Орузбайды Токмоктун сазына камап

өлтүргөнүн айтып, кубалаттырып, Төрөтай сулууну берип, Бугу элин дагы бир алааматтан алып калган.

1882-жылы Кытай империясы Иле районун Россиядан бошотуп, 1883-жылы «Шиңжан» («Жаңыжер») өкмөтүнүн башчысы көлдүк кыргыздардын өкүлүн чакыртат (А.Байтур. «Кыргыз тарыхынын лекциялары». Экинчи китеп, Бишкек, 1992). Текестен жылкы тийген деген доо менен Бугу кыргыздарын түп-орду менен жоготууну эскертет. Бул чакырууга да Тилекмат барат.

- Бугулардын ханы жок, ээн баш эл, деген калмактардан арыз түштү, жооп бериңиз, — дегенде Тилекмат кагазды колуна алып, сабатсыздыгын билдирбей окумуш болуп, салмак менен башын чайкап, сыпайы жылмайып, хан күбөлүгү менен кошо даярдап алган түшүнүк катты берет. Катта көлдүк кыргыздардын өз оокаты өзүлөрүнө жетээри, коңшу эл менен жакшы мамилени күтүүнү билдирген маалымат бар эле. Тилмечи окуп чыккан соң шаңыя бектерин чакыртып, кыргыздар менен жылуу мамиледе болуу ниетин билдирип, кымбат баалуу баш кийим кийгизип, сый узатат. Бул окуядан кийин Тилекматтын кадыры эл арасында дагы бекемделет (К. Ачикеев. «Тилекмат», тарыхый очерк, 69-74-бет).

Тилекмат байлыктын, мансаптын артынан куубаган, эл кызматы үчүн талыбаган, чоң кадыр-баркка жеткен элдин урматтаган бийик инсаны – элдин туусу болгон.

Тилекматтын теги түрдүүчө айтылат. Чындыкка жакыны Ош мамлекеттик университетинин доценти, журналист Маматегин Эркебаев «Заман Кыргызстан» газетасына (03. 1996) «Тилекмат элчи» деген темада макала жазган. Жылкыайдардын атасы Ош облусунун Каракулжа (мурунку Совет) районундагы Ажыке өрөөнүндө 1880-жылы көзү өтүп, сөөгү Сарыбулак айылына коюлган. Аты Алымбек (датка Алымбек эмес), атасы Кемпир, чоң атасы Төлөн, бабасы Торойчу (Сарыбаргы уруусунан). Энеси Күмүшай (Айымкан) Какшаалдагы бийдин кызы болгон. 1795-1800-жж. Кашкарды бийлеген солто, черик, белек ж.б. уруулардын беш бегинин бири Алымбек болгон. Ичи тар бектер Алымбектин көзүн тазалаарда качып чыгып, кош бойлуу аялын таанышы Боорсок бийдикине жиберип, өзү кагылышта кайтыш болот. Улуу аялы Сурандан Айдаралы, Көккөз, Мурат. Көккөздүн уулдары Салман молдо, Өмөш Тилекматтын урпагы менен катташып турчу экен.

Тилекмат айылынын тургуну Эсенбаев Асанбек Жетөгүз сейсмологиялык станциясында иштейт. Анын билдиргени: «Жылкыайдардын туугандары 1920,1964-жылдарда Шалбага келишиптир. 2003-жылы Тилекмат айылынан 10 киши алар тарапка Каракулжага барышкан. 2005-жылы жайында 60 киши 15 машина менен Шалбага келди. Алымбектин 93 жаштагы небереси тың экен. Тилекматтын Өсөр деген уулу да Ноокаттан келди (ал Тилекматтын Коконго бараткандагы баласы экен). Чоң энесинде Тилекматтын мөөрү бар экен, аны эч кимге бербейт экен. Мен бир күн конок алып, жылкы союп, 80 киши күттүм. Эртеси Талдысуудагы Жылкыайдардын мүрзөсүнө барышып, куран окуп, күмбөз тургузабыз деп белги коюшту» дейт.

Тилекмат Акенин өмүр жолун бүгүн тарых дареги тактап жатат. Жылкыайдардын «чийге сатылып келген кул» деген айың сөз жөнүндө: Тилекматты Сарт Аке, Боронбайлар «Баатырым» деп аздектесе, Зарыпбек баштаган көрө албастар «кул» деп басмарлаган.

«…Боорсок бий үйүндөгү күңдү токолдукка алууга ниеттенип жүргөнүн байбичеси байкап калган учурда Бирназар бий келин алганы келип калат. Күйөөгө кетчү кыздын энеси: «Атаң сенин сөзүңдү кыйбайт, Күмүшайды (күңдү) ала кетейин дегин» - деп үйрөтөт. Күмүшай баласы менен көлгө келет. Чыгдан тууралуу айтылган жасалма вариант.

Бугу уруусу байыркы кыргыздардын өзөк уруусунан болуп, Ысыккөлдү жердеген. Түрк атанын Өгүзханынын ордосу «Кызылжайык» аталып, Чоңкызылсуунун этегинде экен. Чыгыш жагы Санташ аркылуу Байкөлгө (Байкал), Алтай кырка тоолору аркылуу

Алтай кыргыздарына кетет. Тарыхчылардын эмгегинде буруттар (кыргыздар), буряттар, теленгуттар бир эл деген жоромол бар. Чынгыз хандын түмөндөгөн колу менен сүрүлгөн Фергана, Алайдагы кыргыз урууларынын калдыгына кошулуп, Адигине бийдин астына биригип, 1450-жылдарда Тагайдын бийлигине түндүк кыргыздар кошулушат.

Чымыны жок Чоңалай,
Адигине ээледи.
Тагай ата таарынып,
Арканы көздөй жөнөдү.

деген санжырадагы жамактын чындыгы барына ишенүүгө туура келет.

XVII кылымда Жуңгар хандыгы аркалык кыргыздарды (Ысыккөл, Нарын, Чүй, Талас) түштүккө сүргөнү тарых барагында тастыкталат. 1758-жылы Цин империясы Жуңгар хандыгын тыйпыл кылганда (миллион калмактын башы алынган) кыргыздар көтөрүлүп (Эр Солтоной, Бердике баатыр ж.б.), Таластан баштап Жуңгар баскынчылары сүрүлгөн. Кеминди бошотуп, Тамчы ашуусунан өтүп, Ысыккөлдү жоодон тазалаган. Дүйнөнү титиреткен Евразия империясын курган Чынгыз хан Бугу уруусунун уулдарын миңбашы, түмөнбашы кылып, аскерин башкарткан. XIV кылымда Мавеpенахр империясын курган Амир-Темирдин согуш вазири, аскербашчысы болуп Акбугу кызмат кылган. Бугу уруусунун тарыхы кытай хронологиясында, орус империясынын саякатчыларынын эмгектеринде, Ч.Валихановдун 1856-жылы Ысыккөлгө Боронбайдын айылына, Тулпарташка келгендеги баяндамасында Бугу уруусунун негизин Алсейит, Тынымсейит, Арык-Белек, Желдең, Кыдык түзгөн. Көрүнүктүү манаптары Муратаалы, Качыбек, Бекбай, Сарт Аке, Солтонкулу, Балбай, Самсаалы, Тилекмат ж.б. экен. 1200 түтүндө болжолу 65 миң адам болгон.

1998-жылы 8-декабрда Жетөгүз районунун Оргочор айылында Сарт Аке менен Тилекмат Акенин эстелик айкелинин ачылышындагы республикалык деңгээлдеги чоң салтанатта баатыр элчини түбөлүккө эскерүүнүн аземи болду. Айкелдин маңдайындагы тарых музейи өткөн кылымдардан кабар берет. Музей Тилекматтын урпагы эл мугалими, Атамекендик согуштун катышуучусу ардагер Кален Жетимишбаевдин он жыл бою кылган түйшүктүү эмгегинен жаралып, көзү барында «Жетимишбаев Кален атындагы музей» деген атты алып, Жетимишбаевге Бишкек гуманитардык университетинин Ардактуу профессору наамы ыйгарылган. Музейди толук көрүп чыгууга бир күн жетишпейт. 1990-жылкы санжырачылардын республикалык сынагынын материалдары толук, Тилекмат Акенин, Карга Акенин кереге бети, башка тарыхый инсандардын даректери бар. Кыскасы, бул музей кыргыз тарыхынын көөнөргүс бир булагы.

1856-жылы августа орус падышасынын атайын жиберген өкүлү Бугунун билермандары Боронбай, Муратаалы, Качыбек, Токсоба, Тилекматтарды чакырып, хан Ормондун өлүмүн териштиргенде Тилекмат:

– Суучулдун өлүмү – суудан, мергендин өлүмү – тоодон, хандын өлүмү – ага туугандан. Бугу менен Сарбагыш бир атанын балдары. Өзүнө-өзү каршы чыккан хан өлүп, азабына эл калды. Адилдик күтүп, алдыңарда турабыз, - деп айтканда котормочусу аркылуу Тилекматтын жообуна ыраазы болгон өкүл Бугуларды колдой турганын билдирет (Т. Ачикеев. «Тилекмат»).

Эл уулу ак жеринен караланып, Верный (Алматы) түрмөсүнөн акталып чыгып, келе жатканда көрө албастар үзөңгүсүнө уу тагып, набыт болуптур. Сарт Акенин күйгөнү:

Казга салган каракашка кыраанымын,
Кайдан билдим катыгнн,
Кудайдын мындай кылаарын.
Мүнүшкөргө табылбас,
Бозум тумшук куштайым.
Ашуусу бийик белдейим,

Агымы катуу селдейим.
Эми элге табылбайт,
О Тилекмат, сендейим.

Тилекматтын Верный түрмөсүнө түшүү жагдайы:

Көрө албаган Зарыпбек Тилекматтын кудасы Токсобаны (Кыдырдын баккан атасы) кысымга алып, ак кагазга Тилекматтын мөөрүн бастыртып алып, Тилекматтын атынан Какшаалдын бийине: «Беш жүз жоокериң менен кел, түн жамынып мал-мүлктү алып кетебиз» − деп жазган жасалма катты ойозго карматат. Ордуна убактылуу Зарыпбек отурат. Суракта Токсоба кайра Тилекматты актап, бошотуп, ордуна Чыныбай келет. Орусча окуган Чыныбай көп жылы султан болгон. Верный, Омскидеги орус төбөлдөрү менен тыкыз байланышта болот. Чыныбайдын полковник чининдеги кийимин кийген сүрөтү Шабдандын үйүндө илинип турчу экен.

*Башын канжыгага байлап коюп, «Баатыр элчи» аттыккан Тилекматтын Бугу элине кылган ташка тамга баскандай кызматы кыргыз тарыхынын кызыктуу, барагы болуп кала берет.

Көл элинде «Аке» болуп айтылганы албан кызматынын адилет бааланганы.

АДАБИЯТТАР

1. Жылкыбаева Ж. Тарыхый инсандар таржымалы. Сарт Аке, Мойт Аке, Тилекмат Аке, Садыр Аке, Кыдыр Аке, Карач Аке. -Каракол, 1995.
2. Иманов А. XVIII к. экинчи жарымы, XX к. башталышында Ысыккөл өрөөнүндөгү ойчулдар, агартуучулар (Мойт Аке, Сарт Аке, Тилекмат Аке). Экинчи бөлүм. -Каракол, 1998.
3. Ачикеев К. Тилекмат. Акылман башчы, даанышман, кеңешчи, баатыр элчи. Тарыхый очерк. -Бишкек, 1998.
4. Закиров С. Кыргыз санжырасы. -Бишкек, 1995.
5. Сыдыкова К.. Чачылган кыргыздар. -Бишкек, 2005.
6. Жетимишбаев К., Масыракунов Р. Санжыра санаты. -Бишкек, 1994.